**IX класстын окуучулары үчүн эне тили (кыргыз, орус, өзбек жана тажик) боюнча жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны өткөрүү жөнүндөгү нускама-усулдук кат**

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2019-жылдын 8-апрелиндеги № 378/1 буйругунун негизинде IX класстын окуучулары үчүн эне тили боюнча жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясы текст боюнча аналитикалык ой жүгүртүүнү жана дилбаяндын элементтерин камтыган баяндама жазуу формасында жүргүзүлөт.

IX класстын жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясынын сынагына 4 астрономиялык саат бөлүнөт. Окуучуларга сынак учурунда (15-20 мүнөттүк) тыныгуу берилет.

Сынакка бөлүнгөн убакытка даярдык көрүү (нускама берүү, текстти тираждоо) жана тыныгуу убактысы кошулбайт. IX класстын окуучулары үчүн сынактын өткөрүү күнү жана убактысы – 2019-жылдын 6-июну эртең мененки саат 9:00

## Сынакты өткөрүү тартиби

Окуучулар сынак өткөрүлүүчү жайга сынак башталганга чейин 15 мүнөт эрте келиши керек. Сынак башталаарга чейин билим берүү уюмунун предметтик комиссия мүчөлөрү дилбаяндын элементтерин камтыган баяндаманы жазуу эрежелери менен тааныштырып, сынактын убакыты, өткөрүү тартиби жана формасы жыйынтыгы менен таанышуу орду жөнүндө маалымат берет.

Окуучулар жыйынтыктоочу баяндама боюнча сынак өткөрүлүүчү класстарга сынак башталаарга 15 мүнөт калганда киришет. Окуучулар окуу кабинетиндеги каалаган орундарга отурушат (ар бир орунга бирден окуучу).

Эгерде окуучу кечигип калса, жыйынтыктоо баяндамасын жазууга киргизилет, бирок ага кошумча убакыт берилбейт. Кечиккендер үчүн нускама жалпы кайталанбайт. Окуучулар алгачкы вариантын кошумча барактарда (черновик) иштешет, андан кийин мектептин штампы басылган баракка көчүрөт. Кошумча барактардагы (черновик) жазуулар каралбайт жана текшерилбейт.

Жыйынтыктоочу баяндаманы өткөрүү боюнча билим берүү уюмунун ПКнын мүчөлөрү окуучуларга мектептин штампы басылган барактарды, кошумча барактарды, орфографиялык жана түшүндүрмө сөздүктөрдү беришет. Билим берүү уюмунун ПКнын мүчөсү ПКнын жетекчисинен баяндаманын текстин алат.

Окуучулар үчүн нускама ар бир катышуучуга өзүнчө берилет, доскага жазылат же проектордон көрсөтүлөт.

ПКнын көрсөтмөсү боюнча окуучулар титулдук баракты толтуруп, тексттин темасын жазышат. Жыйынтыктоочу баяндаманы өткөрүү боюнча билим берүү уюмунун ПКнын мүчөлөрү баяндама жазуу боюнча нускама өткөрүлгөндөн кийин жазуу ишинин башталганын, убактысын доскага жазып белгилейт, андан кийин окуучулар баяндама жазууга киришет.

Баяндаманы жазып жаткан учурда баракта орун калбаса, окуучунун сураныч менен дагы барак берилет. Баяндаманы жазуу учурунда окуучуларга уюлдук телефон, фото, аудио жана видеоаппаратураны, маалымдама материалды, маалыматты сактоо жана берүү каражаттарын колдонууга тыюу салынат.

Жазуу ишин белгиленген убакыттан эрте бүткөн окуучулар берилген кошумча барактарды (черновик), таза көчүрүлгөн иш барагын тапшырып, сынактын аягын күтпөй кете беришет.

Баяндаманы жазуу убактысы аяктаганда, ПКнын мүчөлөрү сынактын аяктаганын айтып, окуучулардын кошумча барактарын (черновик) жана иш барактарын чогултуп алышат.

Сканировано с CamScanner

## Дил баяндын элементи камтылган баяндаманы баалоонун критерийлери

**А) мазмуну:**
- окуучунун жазуу ишинин темасы жана андагы негизги ойдун дал келиши;
- теманын толук ачылышы;
- фактылык материалдардын тууралыгы;
- баяндоонун ырааттуулугу жана логикалуулугу.

**Б) кептик жасалгалоо:**
- кептин грамматикалык курулушу жана ар түрдүүлүгү;
- стилдик бүтүндүк жана кептин көркөмдүүлүгү;
- кептик жана стилдик мүчүлүштүктөрдүн, каталардын саны.

**Баяндама 2 баа менен бааланат:**

Биринчи баа – тексттин мазмунуна жана кептик жасалгалоосуна (кептик нормалардын сакталышына жана стилдик каржаттарды туура тандоого ) коюлат.

Экинчи баа – орфографиялык, пунктуациялык жана грамматикалык нормалардын сакталышы үчүн коюлат. Орфографиялык жана пунктуациялык сабаттуулук окуучунун кетирген каталарынын санына жараша бааланат.

### Баяндаманы баалоо корсоткучторунун таблицасы

| Корсоткучтор | | |
|---|---|---|
| | **Мазмун жана кептик жасалга** | **Грамматика** |
| **Баа «5»** | 1. Иштин мазмуну темага толук дал келет.<br>2. Фактылык ката жокко эсе.<br>3. Иштин мазмуну ырааттуу жана логикалуу баяндалган.<br>4. Жазуу иши сөз байлыгы, синтаксистик конструкциялардын ар түрдүүлүгү, сөздөрдүн так жана таамай колдонулушу менен айырмаланат .<br>5. Текстте стилдик бүтүндүк жана көркөмдүк сакталган.<br>6. Жазуу ишинде жалпысынан бир кептик кемчиликке жол берилген.<br>7. Баяндаманын көлөмү 350 сөздөн кем эмес. | 1 пунктуациялык же 1 грамматикалык катага жол берилет. |
| **Баа «4»** | 1. Иштин мазмуну негизинен темага дал келет.<br>2. Иштин мазмуну жалпысынан жеткиликтүү, бирок 1-2 кептик кемчиликке жол берилген.<br>3. 1-2 логикалык ката бар.<br>4. Кептин лексикалык жана грамматикалык түзүлүшү ар түрдүү.<br>5. Иштин стили, бүтүндүгү жана көркөмдүгүнүн жетиштүү.<br>6. Жалпысынан жазуу ишинде 2 кептик жана 2 фактылык, же логикалык каталарга жол берилген.<br>7. Баяндаманын көлөмү 280 сөздөн кем эмес. | Жол берилет:<br>• 2 орфографиялык жана 2 пунктуациялык каталарга;<br>• 1 орфографиялык жана 3 пунктуациялык каталарга;<br>• 4 пунктуациялык 2 грамматикалык каталарга жол берилип, орфографиялык каталар жок болсо. |
| **Баа «3»** | 1. Жазуу иши темадан алыстаган.<br>2. Негизинен ой туура нукта берилип, бирок 3-5 фактылык кемчиликтер кездешет.<br>3. Баяндаманын ырааттуулугу жана логикалуулугунда айрым бузулууларга жол берилген.<br>4. Сөз байлыгы жарды жана синтаксистик конструкциялар бир түрдүү, айрым туура эмес колдонулган сөздөр кездешет.<br>5. Жазуу иши стилдик бүтүндүгү менен айырмаланбайт, кеп көркөмдүүлүгү төмөн.<br>6. Жалпысынан жазуу ишинин мазмунунда 5 кептик (фактылык же логикалык) каталарга жол берилген.<br>7. Баяндаманын көлөмү 210 сөздөн кем эмес. | Жол берилет:<br>• 4 орфографиялык жана 4 пунктуациялык каталарга;<br>• 3 орфографиялык жана 5 пунктуациялык каталарга;<br>• 7 пунктуациялык жана 4 грамматикалык каталарга жол берилип, орфографиялык каталар жок болсо. |

Сканировано с CamScanner

| | | |
|---|---|---|
| **Баа «2»** | 1. Жазуу иши темага дал келбейт.<br>2. 6 фактылык катага жол берилген.<br>3. Баяндаманын ырааттуулугу жазуу ишинин бардык бөлүктөрүндө бузулган, алардын арасындагы байланыш жок.<br>4. Сөз байлыгы өтө жарды жана жөнөкөй, бир типтүү кыска сүйлөмдөр менен жазылган. Алардын арасындагы стилдик жана маанилик байланыш начар.<br>5. Тексттин стилдик бүтүндүгү бузулган.<br>6. Жазуу ишинин мазмунунда “3” деген баага коюлган талаптар аткарылбаган жана андан төмөн. | Орфографиялык, пунктуациялык жана грамматикалык каталар “3” деген баага коюлуучу нормадан төмөн болсо. |

**Баяндаманын текстинин сабаттуулугун баалоонун нормалары**

| | |
|---|---|
| **«5» деген баа** | 1 пунктуациялык же 1 грамматикалык катага жол берилсе коюлат. |
| **«4»деген баа** | **Жол берилсе:**<br>• 2 орфографиялык жана 2 пунктуациялык катага;<br>• 1 орфографиялык жана 3 пунктуациялык катага;<br>• орфографиялык катасы жок жазылган, 4 пунктуациялык жана 2 грамматикалык катага. |
| **«3» деген баа** | **Жол берилсе:**<br>• 4 орфографиялык жана 4 пунктуациялык катага;<br>• 3 орфографиялык жана 5 пунктуациялык катага;<br>• орфографиялык катасы жок жазылган, 7 пунктуациялык жана 4 грамматикалык катага. |
| **«2» деген баа** | Окуучу тарабынан «3» деген баанын нормасынан ашык орфографиялык, пунктуациялык жана грамматикалык катага жол берилген жазуу ишине коюлат. |

**Жыйынтыктоо сынагына карата түзүлгөн тексттер**

Жыйынтыктоо сынагынын тексттери тандоо критерийлерине дал келет жана министрлик менен макулдашылып түзүлгөн:

– текст 350 - 450 сөздөн түзүлөт;

– маанилик жактан толук аяктаган (эреже боюнча көркөм чыгармадан алынган, ага карата түзүлгөн тапшырмага ылайыкташкан үзүндү болуп саналат);

– баяндоо кебиндеги белгилүү бир сюжетке ээ болгон текст болуп саналат (мында сүрөттөө же ой жүгүртүү кебине өзгөчө басым жасалбайт, текстте монолог же диалогдук кеп болбойт. Тескерисинче, бир нече репликага гана жол берилет);

– окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүнө туура келет (тексттер өтө жөнөкөй же өтө татаал эмес);

– позитивдүү тарбиялык потенциалга ээ;

– мазмуну чектен чыккан орой эмес (катышуучулардын эркиндигине жана ден соолугуна карата басынтууну жаратып, намысына шек келтирбөөгө, же ашыкча психологиялык залал келтирбегендей жана трагедиялуу болбоого тийиш).

Сканировано с CamScanner

***Жыйынтыктоочу баяндаманы жазууга даярдануунун методикасы***

Окуучуларды баяндама жазууга машыктыруу окуу планына ылайык мектепте бүткүл окуутуичинде ишке ашырылышы талап кылынат. Мында мектеп окуучуларынын кеп боюнча билим билгичтиктери жана көндүмдөрүнүн калыптанышына көңүл буруу керек.

Сабак учурунда балдардын байланыштуу кебинин калыптанышына жана берилген темага карата өз алдынча текст түзө билүү көндүмдөрүнө айрыкча көңүл буруу зарыл. Даяр тексттерге карата талдоо жүргүзүп, ага карата ар түрдүү көз караштарды айта билүүгө көнүгүү зарыл: тексттин коммуникативдик маселеси (тексттеги жана микротемадагы эң негизги маалыматты бөлүп көрсөтүү), логикалык жана композициялык ой, керектүү сөздөрдү жана сөз айкаштарын тандоо, риторикалык мисалдар ж.б.

Окуу процессинде окуучуларга көбүрөөк баяндама жаздыруу тажрыйбасын көбөйтүү зарыл. Ошондой эле текстти кунт коюп окуу, тексттин ар бир бөлүгүндөгү микротемаларды ажыратууга жана бөлүп көрсөтүүгө, ошондой эле жазыла турган баяндамага карата жөнөкөй план түзүүгө машыктыруу. Окуучуларды өздөрү жазган баяндаманы өз алдынча редакциялоого жана анализдөөгө үйрөтүү, анын күчтүү жана начар жактарын баалоого машыктыруу.

Баяндама жаза турган 9-класстын окуучусу жазуу ишин аткаруунун толук кадамдары, эрежелери, ыкмалары, тексттин өзгөчөлүктөрү жана баалоо критерийлери менен алдын ала таанышуусу зарыл.

Дил баяндын элементи менен жазыла турган баяндаманын негизги этаптары:

1) текстти окуу;
2) сөздүк менен иштөө;
3) баяндаманын планын түзүү;
4) баяндаманын жумушчу баракка жазуу;
5) катанын үстүндө иштөө;
6) баяндаманы таза баракка көчүрүп жазуу;
7) дил баяндын элементтерин жумушчу баракка жазуу;
8) дил баяндын элементтерин таза баракка көчүрүп жазуу.

Баяндаманы жазууга үйрөтүү ишин кылдат ойлонуу менен ишке ашыруу зарыл. Окуучуну адегенде окуган текст боюнча түшүнгөнүн айтып берүүгө үйрөтүү зарыл. Мындай максатты ишке ашыруу үчүн төмөнкү ыкмалар колдонулат:

1. Текстке карата план түзүп, аны чакан бөлүктөргө ажыратабыз жана ал бөлүктөрдөгү сүйлөмдөрдүн санын аныктайбыз.

2. Ар бир бөлүктөгү түшүнгөн ойду айтып беребиз. Мындай иш окуучуларды берилген текстти жаттап алуудан алыстатып, андагы негизги ойду гана бөлүп алууга (бир же бир нече окуучуга бир бөлүгү боюнча түшүнүгүн айтып же жазып берүүгө, башкаларынын башка бөлүгүн баяндоосу сыяктуу иш-аракет аткарылат).

3. Тексттин мазмунун сактоо максатында бир бөлүктөн экинчисине өтө турган байланыштыргыч сөздөрдү орду менен колдонууга үйрөтүү. Ал үчүн мугалим төмөнкүдөй сүйлөмдөрдү жазат: ***Буга чейин мындай окуя болгон...; Эгерде мурда мындай болсо...; Бул окуя төмөнкү окуя болгон соң болуптур...***

4. Тексттен окуянын чыгыш себеби менен натыйжасын ажырата билүүсүн калыптандыруу: ***Мен кол чатыр алдым, анткени эшикте жаан жаап жатат.***

5. Окуялардын өтүү убактысындагы ырааттуулукту сактоодо кетириле турган каталарды алдын алуу.

Мугалим окуучулардын көңүлүн тексттеги окуянын өнүгүшүнө карата көңүл топтоосуна багыттоого жана үйрөтүүгө тийиш. Ал үчүн төмөнкүдөй суроолор сунушталат*: Бул окуя качан болгонун айтып бергилечи? Жайында болду беле? (кышында, жазында ж.б.) Күндүн кайсы учурунда болду эле? Күндүзбү? (Эртең мененби же кечиндеби? ж.б.у.с.).*

Окуучуларды баяндама жазууда убакытты туура бөлүштүрүүгө көнүктүрүү зарыл. Аны жазуу ишин аткаруунун ар бир этабына карата туура бөлүштүрүү жана жумшоо зарыл: текст менен иштөөгө – 40 минут; план түзүүгөө –15 минут ж.б.

**Сабак учурунда баяндама жазуунун негизги ыкмалары**

1. Мугалим тарабынан тексттин окулушу. Аны окуунун алдында мугалим балдардын текстти кунт коюп угуусуна (тексттин темасын жана андагы негизги ойду аныктоого), андагы маанилик бөлүктөрдү бөлүп алууга көңүлдөрүн буруп, багыт берет.

2. Текстти уккан соң, окуучулар негизги ойду бөлүп, теманы аныкташат жана текстти өз

Сканировано с CamScanner

алдынча маанилик бөлүктөргө ажыратышат (эгерде керек десе).

3. Сөздөр менен иштөө. Окуучулар текстти өз алдынча окуп чыгып, алар үчүн кыйынчылык жараткан сөздөрдү жана сөз айкаштарын бөлүп алышат. Алардын маанилерин аныктоо үчүн ар түрдүү сөздүктөр колдонулат: түшүндүрмө, синонимдердин, фразеологизмдердин сөздүктөрү. Бардык сөздөр жана соз айкаштары дептерге жазылат. Сөздөрдүн же сөз тизмектеринин синонимдерин таап, алардын маанилерин алмаштырган сөздөр комментарий менен дептерге жазылат. Айрыкча, автордун кебине, түз жана кыйыр маанидеги сөздөргө айрыкча көңүл бурулат.

4. Тексттин мазмуну боюнча аңгемелешүү же комментарийлеп окуу.

5. Тексттин стуруктурасын талдоо (текстти түзгөн бөлүктөрдү аныктоо, ар бирин микротемаларга ажыратуу, негизги ойду аныктоо).

6. Мугалим менен бирге же өз алдынча план түзүү. Мында текшертип алуу маанилүү. План жөнөкөй, татаал же суроолуу болушу мүмкүн. Суроолуу план көптөгөн өз алдынча суроолордон түзүлөт (суроого ылайык сүйлөмдөрдү ыраатты менен жана катасыз түзүүгө болот).

7. Орфографиялык жана пунктуациялык каталардын үстүндө иштөө. Оор жана түшүнүксүз сөздөрдү туура жазууга түшүндүрмө берүү. Татаал сүйлөмдөрдү, тике жана кыйыр сөздөрдү көчүрүп жазып, аларга коюла турган тыныш белгилерин түшүндүрүү керек. Диалогдорго көңүл буруу зарыл. Айрыкча, этиштик башкаруу катышкан сөз айкаштарын туура түзүү жана жазууга жардам берүү маанилүү, мисалы: баруу (кайда?)... ; көрсөттү (эмне менен?)... ; *сактоо (кимди?) (эмнеден?) ...;*

Ээ менен баяндоочтун ээрчишүү байланышына көңүл буруу зарыл.

8. Баяндама жазууга даярдануу үй тапшырмасы катары берилет.

9. Баяндаманы текшерген соң, каталардын үстүндө иштөө жүргүзүлөт (окшош каталарды талдоо, грамматикалык каталарды аныктоо жана оңдоо)

Сканировано с CamScanner

## Жыйынтыктоочу сынакка карата жазыла турган баяндаманын үлгүсү

**1. Текстти кунт коюп угуңуз**

Текстти биринчи жолу уккан соң төмөнкүдөй кадамдарды жасаңыз:

✓ Тексттин темасын аныктаңыз (текст эмне жөнүндө?).

✓ Негизги ойду бөлүп көрсөтүңүз (текст эмнеге үйрөтөт?).

✓ Тексттин стилин жана түрүн аныктаңыз, анын түзүлүш өзгөчөлүгүнө көңүл буруңуз (баяндоодо – окуянын башталышы, өнүгүшү, сюжетиндеги эң маанилүү учур, аягы; сүрөттөөдө-кептеги негизги предметтер, алардын маанилүү белги, касиеттери; ой жүгүртүүдө – ойдун жалпы ырааттуулугунун сакталышы, аргументтер, далилдер, жыйынтыктоо).

✓ Тексттин жалпы түзүлүшүн толук камтыгандай план түзүп, микротемаларды бөлүп көрсөтүү менен өз-өзүнчө ат коюп алганга аракет кылыңыз.

✓ План түзүүдө ачкыч сөздөрдү коюу үчүн орун калтыруу менен жазыңыз.

Текстти экинчи ирет угуп жатканда микротемаларга ылайык келген ачкыч сөздөрдү жазып алганга аракет кылыңыз. Андан соң, ар бир бөлүк боюнча жазуу менен аларды бири-бирине байланыштырып, бүткөн ойду камтыган толук текстти түзүңүз.

### БАЯНДАМАНЫН ТЕКСТИ

**ТҮБӨЛҮК ДОС**

Сен үчүн жалын отко жанымды таштайм деген досторду көрдүм, бирок жалын оттор көп эле болду... ошол достор жандарын ала качты. Жанымда калса, тээ качантан бери кайталанып окула берген китептер калды. Качан болбосун мени алаксыткан кыйышкыс достор ар дайым текчеде турган китептер экен дедим, акыры. Алар менен акыретке чейин антташкан досмун деп төш кагышып, ант ичишкен эмесмин, бирок түбөлүккө кыйышкыс досторго айландык.

Мен дайыма алардын чаңын сүртүп, анан жымжырт бурчту тандап алып, мурда окулган китеп экенине карабай окуй бергенден жадабайм. А досмун деп бажактаган нечен түрдүү достор менен мастешкенден бат тажайм да, бат чарчайм. Мени жадатпас чаң баскан текчедеги досторум менен керек убакта үн чыгарбай сүйлөшөм да, үн чыгарбай алардын айткан акыл-кеңешти угам. Мен сагынсам, дайыма үнсүз, тилсиз досторумду сагынам.

Китептин артынан китеп кууп окугандардын кеңдөйлүгү эмнеде? Биз көп учурда китепти бир сыйра гана окуган үчүн, мазмунуна терең түшүнбөйбүз. Жакшы китептерди кайра-кайра окугандан өтөрү жок. Эгер китепти кайталап окуганга көнсөң, сен мурда окуган китептерге жөн гана көз жүгүрткөн окурман экениңди билесиң. Эгер мурда окуган китебиңди кайра окуп чыксаң, сен анын жакшы же жаман экенин гана баамдайсың. Кайталап окуган китепти дагы кайталап окусаң, сенин да китеп жазгың келет.

*188 сөз*

**2. Төмөнкү суроолорго таянуу менен текстке карата жеке көз карашыңызды чагылдырып жазыңыз:**

1. Сиздин оюңузча, чын эле китеп адамдын чыныгы досу боло алабы? Эмне себептен мындай ойлойсуз?
2. Жашоодо китептен башка чыныгы дос болобу же жокпу? Автордун оюу менен макулсузбу?

Сканировано с CamScanner

Бекитемин [подпись] Э. Нурдинов.
Директор
15- апрель 2022- жыл

**1- тиркеме**

# ЭССЕНИН МАЗМУНУ (АДАБИЯТ)

## Эссенин мазмунун баалоо критерийлери

| Критерийлер | Сүроттоо | Балл |
|---|---|---|
| Эссенин түзүмү, логикалуулук, ойду баяндоо ырааттуулугу | -эссенин түзүлүшүндө бардык элементтер камтылат, иште маанилик бүтүндүк мүнөздүү болот, баяндоонун кептик байланышы жана ырааттуулугу сакталса; | 5 |
| | -эссенин түзүлүшүндө бардык элементтер камтылат: маанилик бүтүндүк мүнөздүү болот, баяндоонун кептик байланышы жана ырааттуулугу сакталат, бирок бир логикалык ката, же текстти абзацка ажыратууда бир катага жол берилсе; | 4 |
| | -эссенин түзүлүшүндө бардык элементтер камтылат, коммуникациялык ой берилет, бирок үч-төрттөн кем эмес логикалык катага, же текстте 2 абзацтын бузулушуна жол берилсе; | 3 |
| | - жазуу ишинде абзацтын ажыратылышы сакталбай, түзүлүшүндө элементтер толук эмес берилип, 5 логикалык катага жол берилсе; | 0 |
| Тексттин түйүндүү көйгөйүн аныктоо | - бүтүрүүчү тексттеги көйгөйдү туура аныктай алса, жазуу ишинде көйгөйдү түзүүгө жана түшүнүүгө байланыштуу фактылык каталар жок болсо; | 5 |
| | - бүтүрүүчү тексттеги көйгөйдү туура аныктай албаса; | 0 |
| Тексттеги автордун көз карашын аргументтештирүү жана түшүндүрмө берүү | - бүтүрүүчү тарабынан текстке таянуу менен андагы көйгөйлөргө түшүндүрмө берилип, так аргументтер жана цитаталар келтирилсе; | 5 |
| | - түшүндүрмө үстүртөдөн берилсе; | 3 |
| | - түшүндүрмө жок, айтып берүү менен чектелсе; | 0 |
| Жеке пикиринин болушу | - автор тарабынан текстте коюлган көйгөйгө бүтүрүүчүнүн өз пикирин билдирүүсү (автордун көз карашы менен макул же макул эмес); | 5 |
| Биринчи аргумент (көркөм чыгармага таянуу менен) | - бүтүрүүчү окуган көркөм чыгармага таянуу менен аргумент келтирсе;<br>*Эскертүү: ар бир кийинки аргумент үчүн (ар башка чыгармадан) кошумча 0,5 баллдан эсептелет.* | 5 |
| Экинчи аргумент (турмуштук тажрыйбага таянуу менен) | - бүтүрүүчү турмуштук тажрыйбага таянуу менен аргумент келтирсе; | 5 |
| | - бүтүрүүчү тексттин автору тарабынан коюлган көйгөйгө өз пикирин билдире алган жок (автордун көз карашы менен макул же макул эместигин), аргументтерди келтирген жок, же сынакка катышуучунун ою жөн гана формалдуу (мисалы: "Мен автор менен макулмун же макул эмесмин), же иште бүтүрүүчүнүн пикири таптакыр чагылдырылган жок. | 0 |
| Жыйынтык | - жыйынтык түзүлгөн тезистен, келтирилген аргументтерден жана мисалдардан келип чыгат; | 5 |
| | - жыйынтык тезис жана аргументтерге жарым-жартылай гана жооп берет; | 3 |
| | - жыйынтык жок, же тезис жана аргументтерге жооп бербейт; | 0 |
| Кептик жана стилдик | -стилдик жана кептик каталар жок же 1гана катага жол берилсе; | 5 |

Сканировано с CamScanner

| | | |
|---|---|---|
| ченемдердин сакталышы | - 2-4 каталарга жол берилсе; | **3** |
| | - бештен көп каталарга жол берилсе. | **0** |

**Баллдарды баага которуу шкаласы (адабият)**

| Баллдар | Баа |
|---|---|
| 40-31 | 5 |
| 30-21 | 4 |
| 20-11 | 3 |
| 10-0 | 2 |

## САБАТТУУЛУК (КЫРГЫЗ ТИЛИ)

| | |
|---|---|
| **Баа «5»** | 1 пунктуациялык же 1 грамматикалык катага жол берилет. |
| **Баа «4»** | Жол берилет:<br>• 2 орфографиялык жана 2 пунктуациялык каталарга;<br>• 1 орфографиялык жана 3 пунктуациялык каталарга;<br>• 4 пунктуациялык жана 2 грамматикалык каталарга жол берилип, орфографиялык каталар жок болсо. |
| **Баа «3»** | Жол берилет:<br>• 4 орфографиялык жана 4 пунктуациялык каталарга;<br>• 3 орфографиялык жана 5 пунктуациялык каталарга;<br>• 7 пунктуациялык каталар жана 4 грамматикалык каталарга жол берилип, орфографиялык каталар жок болсо. |
| **Баа «2»** | “3” баасы үчүн каралган каталардан да орфографиялык, пунктуациялык жана грамматикалык каталар көп болсо. |

Сканировано с CamScanner

# IX КЛАССТАРДА МАТЕМАТИКА БОЮНЧА КОМПЛЕКСТҮҮ ЖАЗУУ ТЕСТ

- Биринчи бөлүк темага ылайыктуу топтолгон, 1 туура жоопту өзүнө камтыган 20 тест тапшырмасынан турат.
- Экинчи бөлүк кыска жоопту талап кылган 2 тест тапшырмасынан турат. Туура жооп 2 балл менен бааланат. Жообун жазууда эсептөө жүргүзүлөт, жообун чакмактарга жазат.
- Үчүнчү бөлүк толук жоопту талап кылган үч тест тапшырмасынан турат. Тапшырманын аткарылышы буклеттеги атайын берилген орунга жазылуусун талап кылат, ирettүү жана толук болушу зарыл.

| Бөлүк | Тапшырмалар | Туура жооп | Максималдуу балл |
|---|---|---|---|
| Биринчи бөлүк | №1 - №20 | 1 балл | 20 балл |
| Экинчи бөлүк | №2.1, №2.2 | 2 балл | 4 балл |
| Үчүнчү бөлүк | №3.у, №3.3 | 5 балл | 16 балл |
| | №3.2 | 6 балл | |
| | | Бардыгы: | 40 балл |

| Баллдар | Баа | Пайыз менен |
|---|---|---|
| 15-22 | 3 | 37,5 - 55% |
| 23-31 | 4 | 57,5 - 77,5% |
| 32-40 | 5 | 80 - 100% |

Сканировано с CamScanner

# СЫНАКТАРДЫ ӨТКӨРҮҮНҮН ФОРМАЛАРЫ

- Мамлекеттик жана расмий тилдер боюнча IX жана XI класстардын окуучуларынын жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясы, өзүнө функционалдык лексиканы жана грамматиканы, ошондой эле текстти окуу жана түшүнүү көндүмдөрүн камтыган комплексттүү тест түрүндө

| Класс | Аткаруу убактысы | Тесттин бөлүктөрү | Бөлүк үчүн баллдардын саны | Тест үчүн максималдуу балл |
|---|---|---|---|---|
| 9-класс | 1,5 саат | Лексика. Грамматика<br>Окуу жана түшүнүү | 40 балл<br>30 балл | 70 балл |
| 11-класс | 2,5 саат | Лексика. Грамматика<br>Окуу жана түшүнүү<br>Жат жазуу тапшырмасы менен | 60 балл<br>40 балл<br>10 балл | 110 балл |

Сканировано с CamScanner

# МАМЛЕКЕТТИК/РАСМИЙ ТИЛДЕР БОЮНЧА КОМПЛЕКСТҮҮ ЖАЗУУ ТЕСТИ

| Класс | Тестти аткаруу убактысы | Мазмуну | Тапшырмалардын түрлөрү жана саны |
|---|---|---|---|
| | | Лексика. Грамматика | |
| 9-класс | 40 мүнөт | - жак, сан (атооч, этиш)<br>- жөндөмө категориясы (А, И, Б, Т, Ж, Ч)<br>- сан атооч, сын атооч, ат атооч, тактооч, кызматчы сөздөр<br>- сүйлөмдүн түрлөрү | Төрт варианттын ичинен бир туура вариантты тандоого 40 тапшырма |
| 11-класс | 50 мүнөт | - кептин түрлөрү<br>- кептин стилдери<br>- сөздүн тике жана өтмө маанилери<br>- сүйлөмдүн баш жана айкындооч мүчөлөрү<br>- жак, сан (этиш)<br>- жөндөмө категориясы (А, И, Б, Т, Ж, Ч)<br>- сүйлөмдүн түрлөрү | Төрт варианттын ичинен бир туура вариантты тандоого 60 тапшырма |

| Класс | Тестти аткаруу убактысы | Мазмуну | Тапшырмалардын түрлөрү жана саны |
|---|---|---|---|
| | | Текстти окуу жана түшүнүү | |
| 9-класс | 50 мүнөт | - Мазмунду толук түшүнүү (биографиялык текст, көркөм текст, диалог)<br>- Тандалган маалыматты түшүнүү (илимий-популярдык, публицистикалык, коомдук-саясий текст) | Төрт варианттын ичинен бир туура вариантты тандоого 2 текст жана 15 тапшырма |
| 11-класс | 60 мүнөт | - Толук түшүнүү (жарнама, кулактандыруулар, анаонс, маалымкат, аба-ырайынын прогнозу)<br>- Мазмунду толук түшүнүү (биографиялык текст, өркөм текст)<br>- Тандалган маалыматты түшүнүү (илимий-популярдык, публицистикалык, коомдук-саясий текст) | Төрт варианттын ичинен бир туура вариантты тандоого 3 текст жана 20 тапшырма |

**3-бөлүк. Жат жазуу материалынын баяндалышынын ырааттуулугун аныктоого берилген тапшырма (11-класстардын окуучулары үчүн гана) - 40 мүнөт.**

Сканировано с CamScanner

# МАМЛЕКЕТТИК/РАСМИЙ ТИЛДЕР БОЮНЧА КОМПЛЕКСТҮҮ ЖАЗУУ ТЕСТИ

**Сынак үчүн баа комплекстүү түрдө коюлат:**

- 9-класс

| | |
|---|---|
| «5» деген баа | 59 – 70 балл |
| «4» деген баа | 49 – 58 балл |
| «3» деген баа | 35 – 48 балл |
| «2» деген баа | 0 – 34 балл |

- 11-класс

| | |
|---|---|
| «5» деген баа | 93 – 110 балл |
| «4» деген баа | 77 – 92 балл |
| «3» деген баа | 55 – 76 балл |
| «2» деген баа | 0 – 54 балл |

Сканировано с CamScanner